КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

## Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 23-январы №14** **Темир айылы**

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин калдык акча каражаттары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" 78, 102-беренелеринин жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин калдык акча каражатын чыгымдарга бөлүп берүү маселесин карап, талкуулап чыгып Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын январь айынын 01не карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүндөгү 4 548 643 (төрт миллион беш жүз кырк сегиз миң алты жүз кырк үч) сом өлчөмүндөгү калдык акча каражаттарынын эсебинен жыл ичинде төмөндөгүдөй чыгымдарга бөлүнүп берилсин:

I. **ТЖКЧ бөлүмүнүн 22154900 "Товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү" беренесинен** 1 300,0 (бир миллион үч жүз миң) сом Темир айылынын Нефтебаза жаңы конушунун ичүүчү таза суусуна ПСД жасатууга жана айыл аймактагы көпүрөлөрдү жасатуу үчүн 1 500,0 (бир миллион беш жүз миң) сом акча каражаты каралып берилсин.

II. Корумду айылынын Ү.Мамбеталиев көчөсүнүн жарыктандырылуусун жасатууга **ТЖКЧ бөлүмүнүн 22221200 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка буюмдарды жана материалдарды алуу" беренесине** 162,9 сом (жүз алтымыш эки миң) жана **22154900 "Товарларды жана кызматтарды пайдалануу менен дагы башка кызмат көрсөтүү" беренесинен 61,1 (алтмыш бир миң бир жүз) сом** акча каражаты каралып берилсин.

III. Садыр Аке айыл аймагындагы жаңы курулган бала бакчаларга жана элетр жылуулугунан катуу отунга (таш көмүргө) өткөн мектепке таш көмүр алууга 976,0 (тогуз жүз жетимиш алты миң) сом акча каражаты каралып берилсин.

IV. Калган 548,6 (беш жүз кырк сегиз миң алты жүз) сом калдык акча каражаттары Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет комиссиясынын чечиминин негизинде 2025-жыл ичиндеги карыздарды анын ичинде төлөнбөй калган мамлекеттик сатып алуулардын төлөмдөрүн жүргүзүүгө акча каражаты каралып берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Молдакматовго жана ФЭБ башчысы Н.Сыдыковага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө "Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагазына-1, Каржы бөлүмүнө-1, Обл. Юст.- 2.*